КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) кезексиз XXXXIII сессиясы**

**Токтом № 204**

5-сентябрь 2024-жыл Сүлүктү шаары

**Сүлүктү шаарындагы төрөт бөлүмүнүн имаратынын эшик терезелерин капиталдык ремонттон өткөрүү үчүн жергиликтүү бюджеттен 1 680 817 сом акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Сүлүктү шаарындагы төрөт бөлүмүнүн имаратынын эшик терезелерин капиталдык ремонттон өткөрүү үчүн жергиликтүү бюджеттен 1 680 817 (бир млн алты жүз сексен миң сегиз жүз он жети) сом акча каражатын бөлүү боюнча шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү" боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап сунушталган сметага ылайык Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 27, 34 беренелеринин негизинде Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаарындагы төрөт бөлүмүнүн имаратынын эшик терезелерин капиталдык ремонттон өткөрүү үчүн жергиликтүү бюджеттен 1 680 817 (бир млн алты жүз сексен миң сегиз жүз он жети) сом акча каражатын бөлүүгө макулдук берилсин.
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага М.А. Кутбидинов